**НУРЛАН НАСИП - ЖЕҢЕКЕ**

**с. Жылдызбек Турсунбаев**
**о. Нурлан Насип**

Калкым жыйылып, жүрөк сүйүнүп,
Кыргыз элим салтанаттуу тойду баштады.
Баары карашып, жоолук жарашып,
Босогону жаңы жеңем аста аттады.

Жүзү кут жанып, жаштар суктанып,
Жүгүнгөндө жалпыга жарыгын чачат.
Бир аз уялып, бир аз кубанып,
Байкем менен ортодо жанашып басат.

**КАЙЫРМА:**
***Айдай жеңеке, күндөй жеңеке,***
***Ата-энеге таазим кылып ыймандуу келген...***
***Балдай жеңеке, гүлдөй жеңеке,***
***Бакыт тилеп аксакалдар батасын берген!***

Таң эрте туруп, кызматты кылып,
Таза сактап үй ичине бакыт сунасың.
Көтөрүп чака, барсаң суу жакка,
Кайнилериң жарыштырып ашык кыласың.

Кайын журт баары, жашы да кары,
Кызы сымал жактырып корушса экен дейм.
Колуңдан дайым, чай ичкен сайын,
Келечекте сендей жар жолукса экен дейм.

**КАЙЫРМА:**
***Айдай жеңеке, күндөй жеңеке,***
***Ата-энеге таазим кылып ыймандуу келген...***
***Балдай жеңеке, гүлдөй жеңеке,***
***Бакыт тилеп аксакалдар батасын берген!***

***Айдай жеңеке, күндөй жеңеке,***
***Ай чырайлуу, супсулуу, ажарлуу, нурлуу!***
***Балдай жеңеке, гүлдөй жеңеке,***
***Бажырайган, акылдуу, абдан көп кырлуу!***